| | | | |
|---|---|---|---|
| - 2020-2021-окуу жылында жалпы тартылган каражаттардын суммасы - 900 000 сом. | | | |
| **Алсыз жактары:**<br>Лингофондук кабинеттин жана электрондук китепкананын жоктугу. | | | |
| **4 . ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРДЫ БАШКАРУУ** | | | |
| 4.1 | Финансылык пландоо системасынын болушу | Негизинен мектеп мамлекеттик билим берүү уюму болгондуктан каржылоо республикалык бюджеттен жүргүзүлөт. Ар окуу жылына карата альтернативалуу же болбосо, ата-энелердин камкорчулук кеңешинин жардамы менен жана башка демөөрчүлөрдүн жардамы менен келген каражаттарга мектеп тарабынан жылдык каржылоо пландары түзүлөт. Ал пландар ата-энелер менен биргеликте түзүлүп, ата-энелер комитетинин башчысы менен макулдашылып мектептин директору тарабынан бекитилет. Ал пландын аткарылышын көзөмөлдөө ата-энелер комитети тарабынан жүргүзүлөт.<br>Чарбалык иштер боюнча каржылоо негизинен жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.<br>Жыл башында Педагогикалык кызматкерлердин айлык акысын эсептөө үчүн тарификация түзүлөт. Тарификация жана педагогикалык стажды эсептөө үчүн атайын комиссия түзүлөт.<br>Мектепте алгач штаттык жадыбал түзүлөт. Штаттык жадыбал мектеп директору аркылуу бекитилип, райондук билим берүү бөлүмү аркылуу макулдашылат. | 33-тиркеме<br>Штаттык расписание тиркелет<br>34-тиркеме<br>Мугалимдердин тарификациясы тиркелет |
| 4.2 | Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчёттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу | Кошумча финансылык каражаттар негизинен ата-энелер тарабынан, Камкордук Кеңеши менен тартылат. Бюджети ачык –айкын түзүлүп бекитилген.<br>Мекемеге кошумча финансы ресурстарын тартуу боюнча төмөнкүдөй маалыматтар бар:<br>2018-2019-окуу жылында 145 миң сом<br>2019-2020-окуу жылында 130 миң сом<br>2021-2022-окуу жылында 190 миң сом | Ата-энелер комитеттеринин чогулушунун протоколдору, кабыл алган чечимдери<br>34-тиркеме<br>3 жылдык кошумча финансы ресурстарын тартуу боюнча көрсөткүч тиркелет. |